**"МААРИФ" БИЛИМ БЕРҮҮ КОМПЛЕКСИ**
**Кыргыз тили жана адабияты кафедрасынын эмгек жамаатынын чогулушунун**
**№ 5 протоколу**

16. 11. 2022
Бишкек шаары
**Катышкандар:** Ширин Элебесова кафедра башчысы, Адилет Самсалиев, Жеңишбек Абдинзаров, Самара Карагулова, Сезим Жаныбекова, Кенжегүл Аскарбек кызы кафедранын мүчөлөрү.

**Күн тартиби:**

1. Предметтик олимпиада өткөрүү жөнүндө
2. 12-декабрь, Улуттук адабият күнүнө карата иш-чара уюштуруу жөнүндө
3. Ар түрдүү маселелер

**I. Угулду:** Күн тартибиндеги 1-маселе боюнча кафедра башчы Ширин Элебесова сөз сүйлөп, мектеп боюнча предметтик олимпиада 25-31-декабрь күндөрү өткөнү жатканын билдирип, ар бир класска тиешелүү олимпиадалык тапшырмаларды түзүү зарылдыгын билдирди жана олимпиадага тапшырма түзүүгө жооптуу адамдарды атады. Алар: Окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн 5-класстар үчүн Сезим Жаныбекова, 6-7-8-класстар үчүн Адилет Самсалиев, 9-10-класстар үчүн Жеңишбек Абдиназаров, окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн 5-класстар үчүн Сезим Жаныбекова, 6-класстар үчүн Кенжегүл ......, 7-класстар үчүн Самара Карагулова, 8-9-10-11-класстар үчүн Ширин Элебесова. Тапшырмалар 21-ноябрга чейин тапшыруу зарылдыгы айтылды.

**I. Чыгып сүйлөгөндөр:** Кафедранын мүчөлөрү угулган маалыматка кошумча пикири жок, макулдугун билдиришти.

**I. Токтом кылынды:**

1. Күн тартибиндеги 1-маселе боюнча маалымат эске алынсын.
2. Олимпиадалык тапшырмалар 2022-жылдын 21-ноябрына чейин кафедра башчысына тапшырылсын.

*Каршы, калыс жок. Токтом бир добуштан кабыл алынды.*

**II. Угулду:** Күн тартибиндеги 2-маселе боюнча кафедра башчы Ширин Элебесова сөз сүйлөп, 12-декабрь, Улуттук адабият күнүнө карата иш-чара уюштуруу керектигин, ошондой эле 14-декабрда казак жазуучусу ......... мектепке келерин билдирди. Ага карата иш-чара уюштуруу милдети да кафедрага жүктөлүп жатканын билдирип, эки иш-чара уюштуруу зарыл болуп жатканын билдирди.

**II. Чыгып сүйлөгөндөр:** Кафедранын мүчөлөрү Адилет Самсалиев, Самара Карагулова, Сезим Жаныбековалар эки иш-чараны бириктирип уюштурууну сунушташты. Кафедра башчысы жана кафедранын башка мүчөлөрү сунушту колдоого алышты.

Ошондой эле, иш-чараны уюштуруу боюнча идеяларды топтоп, пландап алып тез ара ишке киришүү сүйлөшүлдү.

**II. Токтом кылынды:**

1. 12-декабрь - Улуттук адабият күнү казак жазуучусу Сауле Досжан окуучулар менен жолугушуу кечеси айкалыштыруу менен уюштурулсун.

2. Иш-чаранын планын түзүп ишке киришүүгө сунуш-идеялар 2022-жылдын 21-ноябрына чейин кафедра башчысына жазуу түрүндө тапшырылсын.

*Каршы, калыс жок. Токтом бир добуштан кабыл алынды.*

Кафедра башчысы: Ширин Элебесова

Мүчөлөрү Адилет Самсалиев

Жеңишбек Абдиназаров

Самара Карагулова

Сезим Жаныбекова

Кенжегүл Аскарбек кызы